**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

# №24 ЧЕЧИМ

2021-жылдын 16-апрели — Кара-Суу шаары

Катышышты:
Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова
мүчөлөрү - Султанов Н., Мойдунов Т., Раева Ы., Таев А., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Айдаров М., Мамашев М., Кадыров К.

## Күн тартиби:

1. **Нариман айылдык кеңешине талапкерлер М.Садыков, Ш.Салиева ж.б арызын кароо**

**Угулду:** Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов – Урматтуу кесиптештер, Нариман айылдык кеңешине талапкерлер М.Садыков, Ш.Салиева ж.б №5215 участкалык шайлоо комиссиясынын курамы туура эмес түзүлгөн.

1. Талапкер Л.Нишанованын кызы Г.Нишанова шайлоо комиссиясында оператор болуп иштейт.
2. УШКнын курамында Жураев Мамиржан жана аялы Джураева Мамирахан иштейт.
3. УШКнын катчысы М.Камалованын эки синдиси комиссиянын курамына кирбесе да иштеди.
4. Замирбек кызы Б. Кара-Кулжа районунун тургуну, Ош шаардык С.Шарипов орто мектебинде иштейт.
5. №5215 шайлоо участогунда жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жана референдумдун бюллетендери дал келбеди.
6. Жана башка мыйзам бузуулар болду деген маалыматтар менен №5587, №5219, №5215, №5214, №5508 шайлоо участкаларындагы шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарып берүү өтүнүчү менен кайрылышкан.

Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы арыздын негизинде аталган шайлоо участкаларынын төрагаларынан түшүнүк каттарын алды. Арызда көрсөтүлгөн фактылар боюнча төмөнкүлөр аныкталды.

1. “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары” жөнүндөгү мыйзамына ылайык Г.Нишанова шайлоо комиссиянын мүчөсү болууга чектөө жок.
2. Жураев М. жана Джураева М. ар башка үй-бүлөө мүчөлөрү экендиги аныкталды.
3. Замирбек к. Б. турмушка чыгып кеткендигине байланыштуу, комиссия курамынан чыгып кеткен.
4. УШКнын катчысы М.Камалованын туугандары УШКнын курамында жок.
5. Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы бюллетендерди УШКга өткөрүп берүүдө референдумдун бюллетендерин акыркы тизмеге ылайык 0,1% кошулуп берилди, ал эми жергиликтүү кеңештердин бюллетендери контролдук тизмеге ылайык даярдалгандыктан, бюллетендерин саны айырма бериши мүмкүн. Бирок шайлоонун жыйынтыгына таасирин бербейт.

Жогорудагылардын негизинде №5587, №5219, №5215, №5214, №5508 шайлоо участкаларындагы шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарууга негиз жок болгондугуна

байланыштуу, арызданууучу тараптын сунушун канааттандыруудан баш тартуу сунушун добушка койом.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 11,** **Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Кара-Суу АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**
**Чечим кылат:**

1. Нариман айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлер М.Садыков, Ш.Салиева ж.б №5587, №5219, №5215, №5214, №5508 шайлоо участкаларындагы шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарууга негиз жок болгондугуна байланыштуу, арызданууучу тараптын сунушун канааттандыруудан баш тартылсын.

2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ж.Молдожанова**